"Макулдашылды"

Окуу бөлүмүнүн башчысы

Кадырова Э.Ж ________

"Бекитемин"

Мектеп директору

Турунов М.С ________

**Мэнеткеч айылындагы Асан Жансейитов атындагы орто мектеби**

**Психологиялык-медициналык-педагогикалык консилиум жөнүндө болжолдуу жобо**

**1. Жалпы жоболор**

1. 1 Ушул жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, КР «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобо, мектептинУставына ылайык иштелип чыгарылган.

1.2 Психологиялык-медициналык-педагогикалык консилиум (ПМПК) - мектептин администрациясына караштуу кеңешүүчү, системалык түрдө иштөөчү орган.

1.3 ПМПК негизги максаты - окутуунун мазмуну жана окуучуларга профессионалдык-педагогикалык таасир тийгизүүнүн ыкмалары жөнүндө жамааттык чечимди иштеп чыгуу. Мындай чечимдер конкреттүү окуучунун, окуучулардын тобунун же класстын өзгөчөлүктөрү жөнүндө мугалимдер, педагог-психолог, социалдык педагог тарабынан берилген диагностикалык жана аналитикалык маалыматтардын негизинде кабыл алынат.

1.4 ПМПК курамына туруктуу катышуучулар киришет - билим берүү уюмунун директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, педагогпсихолог, социалдык педагог жана каралган маселенин спецификасына жараша кошумча чакырылган адистер.

1.5 ПМПК ишине жалпы жетекчиликти директордун окуу-тарбиялоо иштери боюнча орун басары жүргүзөт.

**2. ПМПК ишмердүүлүгүнүн принциптери ПМПК ишинде негизги принциптер болуп төмөнкүлөр эсептелет:**

- инсандыкты урматтоо жана баланын жакшы сапаттарына таянуу;
- отурумдун жүрүшүндө бала менен маектешүү бирдей деңгээлде баланын өнүгүүсүндөгү кемчиликтерди жана жакшы потенциалын аныктоого багытталат;

2.1.ПМПКнын педагогикалык милдеттерин аныктаган диагностиканын максималдуу педагогизациясы жана консилиумдун мааниси - психологиялык жана педагогикалык билимдердин интеграциясында деп билүү. Баланын өнүгүүсү боюнча аныкталган ар бир өзгөчөлүк жакынкы мезгилде өнүктүрүү көз карашынан ырааттуу баамдалып жана муну эске алуу менен конкреттүү тарбиялоо чарасына трансформацияланат.

2.2.Маалыматтын сакталышы, ПМПК катышуучулары тарабынан этикалык принциптердин катуу сакталышы каралат; Конкретизация жана өнүгүүдө карама-каршылыктарды табуу окуучунун өзүн-өзү баалоосунун төмөндөөсүнө, курдаштары жана мугалимдер менен өз ара мамилелердеги көйгөйлөрдүн тереңдөөсүнө алып келбеши керек. Психологиялык-медициналык-педагогикалык диагностиканын сырын катуу сактоо. 2.3.Психикалык патологиясы, жамаатта жагымсыз статусу жөнүндө маалыматтарды, жана аларды ачыктоо балага зыян алып келиши мүмкүн болгон башка маалыматтарды ПМПК отурумунан тышкары жерлерде ачык талкуулоого тыюу салынат.

**3. Психикалык-медициналык-педагогикалык консилумдун милдеттери**

3.1. Окуучулардын окуусундагы жана жүрүм-турумундагы четтөөлөрдүн мүнөзүн жана себептерин аныктоо, четтөөлөрдүн себептерин жалпылоо.

3.2. Окуучулардын дезадаптациясын алдын алуу маселесин иш жүзүндө чечүү.

3.3. Бала үчүн (балдардын тобу үчүн) окутуунун мазмунунун спецификасы жөнүндө жамааттык чечим кабыл алуу.

3.4. Билим берүү процессин коррекциялоо максатында биргелешкен психологиялык-медициналык-педагогикалык иш чаралардын планын иштеп чыгуу.

3.5. Татаал, жаңжалдуу жагдайларды чечүүдө консультациялар.

**4. Психикалык-медициналык-педагогикалык консилумдун функциялары**

4.1 Диагностикалык функция: жүрүм-турумдагы жана окуудагы четтөөлөрдүн себептерин жана алардын мүнөзүн аныктоо; баланын өнүгүүсүнүн социалдык жагдайын, анын жамааттагы абалын изилдөө; баланын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдөрүн аныктоо.

4. 2 Реабилитациялык функция: жагымсыз окуу-тарбиялоо жагдайына туш болгон баланын кызыкчылыктарын коргоо; баланын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо жана аларды өнүктүрүү боюнча чараларды иштеп чыгуу; окуунун, коррекциялык таасирлердин оптималдуу формаларын тандоо; балдарды медициналы реабилитациялоо боюнча сунушкөрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу; үй-бүлөлүк реабилитация: ата-эненин көзүндө баланын статусун жогорулатуу, үй бүлөнүн мүчөсү

катары анын баалуулугун жогорулатуу; бала үчүн натыйжалуу сабактар боюнча сунушкөрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу, үй бүлөлүк тарбиянын ыкмалары менен анын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү; балага жагымсыз психикалык жана дене-мүчөлүк таасир тийгизүү ыкмаларына жол бербөө же алдын алуу.

4.3. Тарбиялоо функциясы: «тобокел тобундагы» балдарга педагогикалык таасир тийгизүүнүн стратегиясын иштеп чыгуу; педагогикалык жамаатын, ата-энелердин жана курдаштардын балага карата тарбиялоочу таасирлерин интеграциялоо.

**5. Психологиялык-медициналык-педагогикалык консилиумдун ишин уюштуру**

5.1. ПМПК билим берүү мекемесинде билим берүү уюмунун директорунун буйругу менен түзүлөт.

5.2. Балдарды жана өспүрүмдөрдү консилиумга кабыл алуу ата-эненин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) демилгеси, ошондой эле ата-эненин кат жүзүндөгү макулдугу менен бал окуган класстын демилгеси боюнча жүргүзүлөт.

5.3. ПМПК отуруму зарылдык боюнча жана конкреттүү психологиялык-медициналык-педагогикалык маселени чечүү үчүн зарыл болгон диагностикалык жана аналитикалык материалдардын даярдыгына жараша өткөрүлөт.

5.4. ПМПК отуруму, анын жетекчисинин демилгеси боюнча шашылыш тартипте чакырылышы мүмкүн.

5.5. Изилдөө үчүн консилиумда төмөнкүдөй документтер берилиши керек: келип чыккан маселе сүрөттөлгөн педагогикалык тыянак; баланын өнүгүү таржымалынан көчүрмө; орус тили, математика, сүрөт боюнча жазуу иштери.

5.6. ПМПК отуруму токтом менен жол-жоболоштурулат.

5.7 Отурумду уюштуруу эки баскыч менен өткөрүлөт: даярдык: диагностикалык, аналитикалык маалыматтарды чогултуу жана жалпылоо, алдын ала корутундуларды жана сунуш-көрсөтмөлөрдү түзүү; негизги: аналитикалык маалыматтарды жана алды ала корутундуларды талкуулоо, жамааттык сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу. консилиум тарабынан бекитилген, андан аркы коррекциялык-өнүктүрүү иштерин өткөрүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөр, алар бала менен иштешкен бардык адистер үчү милдеттүү болуп саналат.

5.8. Диагностика жасоо татаал болгон учурларда бала райондук ПМПКга жөнөтүлөт.

6. ПМПК катышуучуларынын милдеттери:

2. Өзү, үй бүлөсү, айлана-чөйрө жөнүндө маалыматы жетиштүү, эң керектүү билимдерди жана ыкамалдарды билет.

3. Баарлашууга кыйынчылык менен киришет. Көрсөтмөнү дароо түшүнбөйт. Өзүн-өзү тейлөөсү чоңдордун көзөмөлү менен жүргүзүлөт. Балит, кыймылдуу, токтоо эмес.

3. Курчап турган дүйнө жөнүндө жалпы маалыматы, билими төмөн деңгээлде, башаламан, үзүндү 1. Сүйлөөсү көркөм эмес. Фразалары жөнөкөй, кээде грамматикалык каталар менен. Негизги ойду чоңдордун жардамы менен бөлүп көрсөтөт. Айтып берүүсү туура, бирок схема боюнча 1. Калемди жакшы кармай албайт, колу чыңалган. Кагазга жетишерлик эркин багыт ала алат, ал эми мейкиндикте ишенимсиз. көндүмдөрү, өзүн Социалдык - өзү тейлөөсү деңгэ өнүгүүсүнүн жалпы Кругозору, эли жүгүртүүсү жана ой Сүйлөөсү ориентация моторика, Майда

2. Сүйлөөсү мазмундуу, көркөм. Негизги ойду өз алдынча бөлүп көрсөтөт. Айтып берүүсү текстке жакындашат. Фразалары кенен жана грамматикалык жактан туура.

2. Калемди ишенимдүү колдонот. Туура кармайт. Мейкиндикте жана кагазда багыт алуусу эркин. Сызыктары даана, бириктирүүлөрү так. 3. Аңгемени өз алдынча айтып бере албайт. Багыттама суроолорго кыска жооп берет. Фразалары жөнөкөй, грамматикалык каталары көп. Үндөрдү жана фонемаларды айтууда дефектилер бар.

3. Калем менен начар иштейт. Сызыктары ийри-буйру, бириктирүүлөрү так эмес. Мейкиндикте жана кагазда багыт алуусу начар. Оң жана сол тараптарды алмаштырат. Интерпретация: Эгерде баланын иш-аракеттери жана жүрүм-туруму таблицадагы бир номерге көбүрөөк ылайык келсе, анда:

1. Баланын психофизикалык өнүгүүсүндө коркунучтар бар Ага: окутууда жекече мамиле жана педагогдун кошумча жардамы зарыл.

2. Бардыгы жакшы! Баланы окутууну уланта бериңиз.

3. Ата-энесине тар адистерге (невропатолог, психиатр, окулист, сурдолог ж.б.) кайрылууну сунуштаңыз. Жаңы социалдык ролду кабыл алууга - окуучу болууга даярдык Балага көзөмөлдөө жүргүзүлүүчү убакыт Умтулуу Жүрүм-турумунун эркиндиги Өзүн-өзү баалоо жана өзүн-өзү көзөмөлдөө Режимдик моменттер Мотивация чоң адамдын баалоосуна мамилесинде (баалоочу мотив), билимге умтулуусунда (таанып билүү мотиви), иштеринин натыйжасын жакшыртууга умтулуусунда (социалдыкадеп-ахлактык мотив), алдыда мектеп окууга кызыгуусунда билинет. Тарбиячынын талабы боюнча иштердин жаңы түрлөрүнө киришүү жөндөмүндө, максатка умтулууну, тырышчаактыкты, чыдамкайлыкты, чечкиндүүлүктү көрсөтүүсүндө, өзүнүн иштерин башкарууну, токтоо болууну, эрежелерге баш ийүүнү билүүсүндө көрүнөт. Өзүн-өзү баалоонун адекваттуу эместиги бардык жагдайларда

иш-аракеттерин жолсуз болуудан качкандай кылып жасоого умтулуусунда билинет (өзгөчө, ишинин натыйжалары башка адамдар тарабынан бааланган жерлерде). Өзү өз баалоосу төмөн бала жай сүйлөйт, сүйлөшүп жаткан адамынын көзүнө карабайт, тандаш керек болгон учурларда жазганчаактык көрсөтөт, көпчүлүк учурда тартынчаак пассивдүү, көрүнүксүз болууга умтулат, бүкүрөйөт. Өзүн өзү баалоосу өтө жогору бала активдүү. Жай сүйлөгөнгө караганда, көбүрөөк кыйкырат, критикага таарынат, катуу талашат, иши ойдогудай болбогонуна башкаларды күнөөлөйт, өз иштеринин жыйынтыктарына сын көз караш менен карабайт. Өзүн өзү кармоо каталарды байкап жана аларды оңдой билүүдө көрүнөт. Бул иштердин натыйжалуу түрлөрүндө көбүрөөк байкалат. Сабактар Бала сабактарды жакшы көрөт, аны таанып билүү багытындагы сабактар кызыктырат. Бала сабактарда кунт коюп олтурат, тарбиячынын тапшырмаларын аткарууга аракет кылат, кызыксыз, бир түрдүү иштерди узак убакыт жана чыдамкайлык менен аткара алат (мисалы, штриховка, чоң фигураларды калем менен боео). Өзүн өзү кармоо токтоолукта, кунт кое билүүдө, ишаракеттердин натыйжалуулугунда билинет. Оюндар Балдар «бакча, мектеп» оюнун ойношот, ошол эле учурда өзүнө мугалимдин эмес, окуучунун ролун алууну жактырышат. Оюндун мазмуну бала үчүн билим берүү уюмунда Оюндун эрежелерине өзү баш ийет, башка балдар да баш ийүүсүнө көз салат. Өзүн өзү баалоосу төмөн бала экинчи даражадагы ролдорго ыраазы болот, ал эми өзүн өзү баалоосу өтө жогорулар - башкы ролдорду алууга умтулушат. Өзүн өзү кармоо эрежелерге баш ийе билүүдө эмне көбүрөөк маанилүү экенин көрсөтөт. билинет. Умтулуучулук даярдыкты баалоо. Умтулуу Калыптанган эмес, эгер бала билим берүү уюмуна баргысы келбесе же анын умтулуусу окуунун керектөөлөрүн чагылдырбаса (мектеп атрибутикасы, күндүзгү уктабоо, жаңы балдар менен таанышуу кызыктырат ж.б.) Калыптануу стадиясында, эгерде күчтүү умтулуу бар болсо (таанып билүү же баалоочу же социалдык-адепахлактык), бирок башка умтулуулар менен бекемделген эмес Калыптанган, эгер умтулуулардын топтому бар болсо жана күчтүү умтулуу негизги орунда турса. Жүрүм-турумунун эркиндиги калыптанган эмес, эгер бала режимдин, жүрүм-турумдун жана баарлашуунун аныкталган эрежелерине баш ийбесе. Калыптануу стадиясында, эгер бала режимди, ченемдерди жана эрежелерди сактоого көңүлдөнөт, бирок чоңдордун тышкы көзөмөлүнө, эрежелерди эскертип турууга муктаж. Калыптанган, эгер бала чечимдерди эскертүүсүз аткарса, алектенгенге иштерди өзү таап жана өз ишин өзү уюштурганды билсе, эмоцияларын башкара алса, каалабаса да жана кызыгуусу жок болсо да иштерди уланта билсе, тырышчаактык жана чыдамкайлык көрсөтсө. Өзүн-өзү баалоо жана өзүн-өзү кармоо Калыптанган эмес, эгер баланын жүрүм-турумун башкаруу кыйын болсо, көпчүлүк учурларда таарынчаак, урушчаак болсо, талаш жагдайларды чечүүдөн качса. Калыптануу стадиясында , эгер бала ченемдерге жана эрежелерге баш ийе билет, бирок кээде аларга андан баш тартат. Калыптанган, эгер бала өзүн токтоо кармай алса,

өзүнүн иш аракеттерине көңүл бурса, каталарын байкаса, ийгиликтерге умтулса, бирок иши оңунан чыкпай калуусунан коркпосо.

**НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР** Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар (ДМЧ) – физикалык жана (же) психикалык өнүгүүсүндө убактылуу же туруктуу мүчүлүштүктөрү бар, ошол себептен билим алуу үчүн өзгөчө шарттарга муктаж болгон жашы 18-ге чейинки балдар, жана 18-ден жогорку курактагы жаштар аталат. Билим алууда өзгөчө керектөөлөргө (муктаждыктарга) ээ балдар – ден соолугуна, социалдык-экономикалык, маданий, диний, улуттук, тил билүү, географиялык жана башка шарттардын таасиринен улам билим алууда туруктуу же убактылуу кыйынчылыктарга кабылган балдар. Реабилитациялонун жеке программалары – иштин белгилүү бир түрүн аткарууга карата ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын жөндөмдүүлүктөрүн, организмдин жоготулган же жабыр тарткан функцияларын компенсациялоого, калыбына келтирүүгө багытталган социалдык жардамдын түрлөрүн жана реабилитациялык иш-чараларды жүзөгө ашыруунун тартибин, айрым түрлөрүн, формасын, көлөмүн, мөөнөтүн камтыган, реабилитациялоочу оптималдуу иш-чаралардын комплекси. Инклюзия – билим алуу процессине ар бир баланын катышуусун көбөйтүү жана ошондой эле билим берүү мекемелеринде жана социалдык маданий чөйрөдө болуп жаткан бардык процесстерде баланын четтеп калышын жоюу. Инклюзивдик билим берүү – балдардын физикалык, психикалык, интеллектуалдык жана башка өзгөчөлүктөрүнө карабай, өз теңдүүлөрү менен бирге жалпы билим алуу системасында тарбиялоо жана билим берүү процесси. Мында ДМЧ балдардын өзгөчө муктаждыктары эске алынып, алар үчүн тиешелүү шарттар түзүлүп, керектүү колдоо көрсөтүлөт.

Интеграция – өнүгүү процесси, мында натыйжа катары адистештирилген элементтердин өз ара көзкарандылыгына негизделген системанын ичинде биримдик жана бүтүндүк түзүлүшү каралат. Интеграциялашкан билим берүү – коррекциялоочу эмес билим берүү мекемелеринде ДМЧ балдарды окутуу жана тарбиялоо иштерин алардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен уюштуруу. Психологиялык, медициналык, педагогикалык жардам (коштоо) – ден соолуктун психикалык абалын изилдөөдө, психикалык жабыркоолорду аныктоодо жана ДМЧ балдарды окутуу, тарбиялоо, айыктыруу маселелери боюнча элге жардам көрсөтүү. Психологиялык, педагогикалык реабилитация – билим алуунун жана ык-амалдарды үйрөнүүнүн ыкмаларын түзүүгө багытталган психологиялык, педагогикалык иш-чаралардын системасы, ошону менен бирге кардардын коомдогу жүрүм-турумдардын эрежелерин өздөштүрүүсүнө, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн туура баалоосуна, ишенимдеринин калыптануусуна жардам берүү каралат. Реабилитация – ден-соолугунун жабыркоолорун, социалдык, психологиялык даражасын калыптандыруу максатында колдонулуучу медициналык, социалдык, билим жана кесип берүүчүлүк мүнөздөгү ишчаралардын комплекси. Атайын шарттар -

- катышуучулар Милдеттери ПМПК жетекчиси (төрагасы) - бирим берүү уюмунун директорунун орун басары ПМПК ишин уюштурат;
- кезектеги отурумга катышуучулардын курамын түзөт;
- отурумда талкуулана же чакырыла турган окуучулардын курамын түзөт;
- билим берүү процессинин катышуучулары менен ПМПК байланышын координациялайт;
- ПМПК сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышын көзөмөлдөйт.Мектептин педагогпсихологу даярдык этабында диагностикалык маалыматтарды чогултууну уюштурат;
- алынган диагностикалык маалыматтарды жалпылаштырат, системалайт, аналитикалык материалдарды даярдайт;
- корутундуларды, гипотезаларды түзөт;
- алдын ала сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгарат Социалдык педагог жайсыз үй бүлөлөргө мүнөздөмө берет;
- алдын ала сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгарат Класста иштеген мугалимдер
- сунушталган форма боюнча окуучуга кеңири педагогикалык мүнөздөмө берет;
- педагогикалык гипотезаларды, корутундуларды, сунуш,көрсөтмөлөрдү түзөт;
- медайым окуучунун ден соолугунун абалы жөнүндө маалымдайт.

**7. ПМПК документациясы жана отчеттуулугу**

1. Психологиялык-педагогикалык жана медициналык-социалдык жардамга муктаж балдарды жазуу жана учетко алуу журналы.

2. Адистердин корутундулары жана сунуш-көрсөтмөлөрү.

3. Консилиумдун отурумдарынын токтомдору..

4. Аналитикалык материалдар. ПМПК документациялары жана отчеттору, ПМПК иштерин регламенттеген ченемдик укуктук документтер, ПМПК адистеринин тизмеси консилиумдун жетекчисинде сакталат. Жобонун жарактуулук мөөнөтү чектелбейт. Мыйзамдар өзгөрүлсө, актка өзгөртүүлөр аныкталган тартипте киргизилет.

5-тиркеме МУГАЛИМ ҮЧҮН ЭСКЕРТМЕ

1. Оңою менен баарлашпайт. Көрсөтмөнү кабыл алат, бирок бирөөнүн жардамы менен аткарат. Түнт. Санитардык-гигиеналык амалдарды билет, бирок тышкы келбетине кам көрбөйт. 1. Түшүнүктөрү конкреттүү жана жагдай менен чектелген

2. Баарлашууга оңой жана дароо киришет. Көрсөтмөнү түшүнөт жана өз алдынча аткарат. Тыкан жүрөт. Санитардык-гигиеналык амалдарды өз алдынча аткара алат

ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын конституциялык укуктарын ишке ашыруу үчүн керек болгон технологиялар, шаймандар, куралдар, ыкмалар, методдор, программалар, китептер, колдонмолор ж.б. каражаттар. Эрте жардам берүү кызматы – жаш курактагы (3 – жашка чейин) балдарды жана алардын ата-энелерин колдоо үчүн үй-бүлөлүк багытта социалдык, психологиялык, педагогикалык жардам көрсөтүүчү кызматтар. Коштоо - көптөгөн көйгөйлүү жагдайларда өнүктүрүү субъекти (өнүгүп келе жаткан адам же өнүгүп келе жаткан система) оптималдуу чечимдерди кабыл алуусу үчүн шарттарды түзүп берүүнү камсыздаган ыкма, 79 ал жагдайларды чечүүдө субъект өзү үчүн өнүгүүнүн прогрессивдүү же регрессивдүү жолун аныктайт. Социалдаштыруу – инсандын калыптануу процесси, бара-бара коомдогу талаптарды өздөштүрүү, аң-сезимдин, жүрүм-турумдардын коом менен ыкташуусу үчүн керектүү деңгээлдеги мүнөздөмөлөрүнө жетишүү. Социалдык адаптация – коомдогу баалуулуктарды, жүрүмтурумдардын эрежелерин, талаптарын өздөштүрүү менен ДМЧ балдардын социалдык чөйрөгө активдүү көнүүсү. Баланы социалдык реабилитациялоо – баланын үзгүлтүккө учураган социалдык байланыштарын, функцияларын, жашоо шарттарын жакшыртуу.